


Шайлообек ДҮЙШЕЕВ

# КАЙДЫГЕРЛИК

ББК 84 Ки 7—5
Д 86

Сүрөтчүсү Эмил Тилеков
Жаштар үчүн

Д $\frac{4803300200—165}{М\ 455(11)—91}$ 126.91.

ISBN 5-660-00519-5 © Шайлообек Дүйшеев, 1991-жыл



# Кайдыгерлик

# ПАРТИЯ МЕНЕН СҮЙЛӨШҮҮ

Согот шамал
Оң жактан,
Сол жактан да.
Согот шамал.
Көздөрүмө куюн батпай,
Көөдөнүмө сырым батпай,
Өзүң менен сүйлөшүүгө келдим бүгүн
Көкүрөккө бугум батпай...

Компартия
Эл үчүн, жер үчүн деп
Жүрөгүң соккон менен баштагыдай,
Тилегиң эл үчүн деп
Төшүн отко тоскон менен баштагыдай,
Компартия колуңду элге
Созгон менен баштагыдай
Карабай катарыңа,
Коммунисттер неге сенден азаюуда?

Компартия,
Өз катаңды тактап өзүң,
Айкындык кайра куруу дегендерди баштап өзүң
Башында калайыктын турсаң дагы,
Ишенбей түйшүгүңө,
Азабыңа,
Ишенбей Ильич берген атагыңа,
Эмне үчүн күндөн күнгө катарыңа,
Келгендер азаюуда?

Кыйналдым жообун таппай,
Лениндин үстүнөн сот кылып жаткандар бар,
Лениндин сүрөттөрүн
Тешкилеп ок кылып жаткандар бар,
Лениндин эстелигин
Тепкилеп топ кылып жаткандар бар,
Лениндин музейин,
Эмгектерин
Жок кылып жаткандар бар!

Компартия жалган дебе?
Чындыктын жалган кези,
Чындык издеп адамдардын
Чырылдап Кремлге барган кези
Жалган беле?

Томуктай буюм алса тутулгандар,
Тонналап тоносо да кутургандар,
Мансапка баарын сатып,
Абийирин, жанын сатып
Сага өтүүгө жутунгандар
Жалган бөле?

Компартия,
Жүрөгү тазаларды талкалаган,
Жүзү кара адамдарды
Белет менен калкалаган
Жалган беле?
Сен неге унчукпайсың?
Кечээ эле катарыңда чебеленип,
Камгактай тегеренип,
Жөтөлсөң жөлөгөндөр,
Тайысаң таягандар,
Так үчүн,
Бийлик үчүн
Таманыңды өпкүлөп жалагандар,
Бүгүн неге
Эл менен үндөшалбай,
Эл менен сүйлөшалбай
Колтугуна башын катып
Коңулдан байкап турат,
Бүгүн неге,
Койнуна ташын катып
Көздөрүн кыбыңдатып
Сөз менен жайкап турат?

Сен неге унчукпайсың?
Кечээ эле,
Коодонуңөн жел айланып,
Көзүңдүн агы менен тең айланып
Көрүнөө мактагандар,
Идеяңды курандай жаттагандар,
Идеяңды күнү-түн какшагандар
Бүгүн неге
Көрүнгөн жерге барып
Сасып жатат?
Кечээ сенден качпагандар
Бүгүн неге
Качып жатат?
Кечээ сени сатпагандар

Бүгүн неге
Сатып жатат?

Компартия
Кыйналдым жооп табалбай,
Эмне үчүн элди каптап азап бүгүн,
Эссиздик эс-акылды басат бүгүн,
Эзелтен тынч жашаган элдер минтип
Эмне үчүн бир-биринин үйүн өрттөп,
Эмне үчүн бири-бирин атат бүгүн?

Компартия,
Эмне үчүн эл тозокту көрүп жатат,
Ээнбаштар элди элден бөлүп жатат,
Эмне үчүн бейиттерди кучакташып
Энелер кайра көз жаш төгүп жатат?
Эмне үчүн эч нерсени түшүнбөстөн
Элейип наристелер өлүп жатат?

Компартия,
Сен кайрадан
Үшүгөн үйгө кирип жагылбасаң,
Сен кайрадан жаңырбасаң,
Баарын көрүп партиядан,
Баарын көрүп өлгөндөрдөн,
Сени калктан ажыратып бөлгөндөрдөн
Арылбасаң,
Кайда сенин кенендигиң?
Кайда сенин баарын билген
Тереңдигиң?

Күрөш керек!
Калк сынына толуш үчүн,
Кайра баштан сен дооруңдун
СЫЙМЫГЫ да,
АР НАМЫСЫ
Жана АКЫЛЫ болуш үчүн
Кайра баштан
Күрөш керек!

## КҮТҮҮ

Айыксак,
ооруганга,
оорусак,
айыкканга,

саргарып күндүр-түндүр
күткөнгө,
зарыкканга,
чылымга үйрөнгөндөй
үйрөнүпбүз.

Ана кетет,
мына кетет,
тил эмизген сөз да сөзбү?
Автобустар кетип-кетпей,
шаардагы автобекет
шайы ооп турат
канча элге шаасы жетпей...

А сенин аңырайып
тишиң бүтпөй,
тишиң бүтсө
ишиң бүтпөй,
кайда барсаң
күтмөй,
күтмөй,
кайда барсаң
эсеп,
эсеп,
кайда барсаң
кезек,
кезек...

Күтпөй турган күн деги бүткөн өңдүү,
жадагалса өлүмдү да
«арты ким?» деп күткөн өңдүү.

Күтүү бизди октоп, октоп,
так жүрөккө,
көзгө,
мээге
атып жаткан окшоп, окшоп...

Аэропортко —
асман, жерден,
аэропортко
аккан элден,
баш айланат баскан элден,
уктап,
күтүп
жаткан элден.

Убакытың
учат куштай,
убакытың учкан менен
самолётуң учпай,
учпай,
учпай...

А биз болсок
жөн-жай гана
жаткан сазга баткан таштай
жөн-жай гана
чөгүүдөбүз...

Ар күн сайын
аэропортто,
вокзалдарда,
асман-жерде,
майда-чүйдө,
саткан жерде,
жадагалса
баскан жерде,
горОНОдо,
сельсоветте,
кабинетте,
оорукана,
дүкөндөрдө,
же башкада,
же кассада
ар күн сайын
күткөнгө,
зарыкканга,
ооруганга,
айыкканга
чылымга көнгөн сымал
көнүүдөбүз,
ар күн сайын,
акырындан «өлүүдөбүз...»

## КЕЛ СҮЙЛӨШӨЛҮ

Эчтеке болбойт дейсиң
мурдуңду балта кеспей!
Эчтеке болгондо да кандай болот —
аркырап ар күн сайын шамал согот,

түндүгүңөн,
батышыңан,
терезе,
эшигиңен,
тактайдын тешигинен.

Эчтеке болбойт дейсиң —
«Ысык-Көл» кириң жуучу самын сага,
«Тянь-Шань» ак кой бакчу адыр сага,
«Ош» деген коон-дарбыз сайран сага,
«Чүй» деген «дача, дама», майрам сага!

...Сүйүүгө,
ырга да,
өлүмгө да,
айкөл жерден кеткенче жетет өмүр,
чөгүш оңой,
сүзүш кыйын.
Кел?
Келгиле?
Качпайлы
Качпайлы,
сүзүп чыккан эр көзүнө
чөп салбастан,
көз салганды
дал бүгүнтөн баштайлы?
Там салганга кыш койбостон,
чуркап бара жаткандарга бут койгонду
кайдан алдык үйрөнүп?

Актыкты күсөп туруп
айланып акчу болдук.
Очоктой түтөп туруп
отпуз деп айтчу болдук.

Жөө-жалаңдап чыгып келсек
жеңден сүйрөп,
көргө түрткөн кай жорук?

Издедик өч алганды
кас дебей, калыс дебей.
Бычакка — сөз айланды,
Ушакка — чай иччү жер.

Жакшылыкка жан тартпастан,
жаа тартканга

неге кондук тымызын?
Колдон түшүп кымызың,
канча доордон бери карай акыры
откон жебе өзүбүздүн
көзүбүздү оюп келе жатыры.

Ага болбой аттиң ай,
бирөөбүз бирөөбүзгө
«тарс» эттик муштум болуп,
«карс» эттик карагайдай,
«карк» эттик кузгун болуп.

Чаламандын чак түшүндө жартаңдап
бөрк ал десе
баш кестик.

Аш менен сыйлаганды
айкырдык «ыргыт көккө!»
Акырын ырдаганды
таш менен урдук көзгө.
Дал төбөңдө
турмуш турса салаңдап,
«алтын»,
        «алтын»,
        «алтын» деп,
таш чогултуп алаңдап,
жинди болуп кутуруп
кайда кеттик жалаңдап?

Тамекидей түтөп андан-мындан бу,
камырды биз жумур кылып,
тамырды биз үйрөндүк го кыйганды,
о балмуздак жегенсип бир
жедик шашпай ыйманды.

Таянсын деп таяк койбой,
тайысын деп бут койдук.
Учуларга канат болбой,
учпастарга куш болдук!

Кылмыш турса мойнубузда,
өрткө шылтап күнөөнү,
өзүбүздүн ордубузга
көмдүк башка бирөөнү.

Эчтеке болбойт дейсиң
мурдуңду балта кеспей,
казылып жатат талааң,
чачылып жатат чөбүң,
чакырып жатат тоогуң,
канакей барбы жообуң?!

Түшүн,
Түшүн,
түшүнгүн,
жок дегенде чындыкты
жарым жолго сүйрөп барып
үзүлгүн,
эл тирилтет,
эл көмөт...

Кел,
келгиле качпайлы?
Куурай өспөс кургак сөздү таштайлы,
сүзүп чыккан эр көзүнө
чөп салбастан көз салганды
дал бүгүнтөн баштайлы?

Токойлорго —
денебизди тыттырып,
карышкырга —
таланып,
жылаандарга —
чактырып
келип анан
сүйлөшөлүк эл менен?
Кел,
келгиле,
качпайлы?!

## КАЙДЫГЕРЛИК

Кайдыгерлик деген эме
Каракчыдай кайтарып өзүбүздү,
кайдыгерлик деген эмне
кашайтып көзүбүздү,
айттырбай сөзүбүздү
бычаксыз канап бүттүк,
кайдыгерлик дегенден биз
таптакыр тажап бүттүк!
Кайдыгерлик дегендин

капканынан чыкпай жүрүп,
жаманын да,
жакшысын да,
гүлүн дагы,
күлүн дагы
бир жерге камап буттук.

Жалгыздык башка түшсө ашар кылып,
атаны — үй,
баланы — базар кылып
биз тиккен дарак кана?
Сыйлаган кичүүлөрүн,
улуусун урматтаган адат кана?
Жашоодо ыйды көрдүк,
сыйды көрдүк,
жылдызсыз жылмаңдаган түндү көрдүк,
жыргалдан көз ачылбай
жыгылып жаткан жерде Күндү көрдүк,
тургузбадык!
Жыгылып жаткан жерде Айды көрдүк,
тургузбадык!
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!
Таш болуп катып калган
таш боор,
мерес жанды көрдүк,
унчукпадык,
кайдыгерлик,
кайдыгерлик!

Жерди ойлобой,
итибиз үрүп турса,
ишибиз жүрүп турат деп ойлодук,
элди ойлобой,
эбин таап ичип-жемей адат болду,
эс тарткан уланыңдын
эшикке чыгаар замат
эс-дарты арак болду.
Эстелиги жок деги тарых барбы?
Тарыхы жок эстелик эстеликпи?
Эстелиги,
тарыхы жок
эл ушул деп,
айтабыз кайсыл элди?
Дзержин гүлзарында —

Михаил Васильевич
кылычын кынга салып
атына минип турат.
Дзержин гүлзарында
Феликс Эдмундович
муштумун түйүп турат.
Кызыл таш кыйла эстелик
кыргыздын борборунда
Күйүп турат.
Карачы эстелигин Токтогулдун?
Ак таңдай акынга эмес,
от жерге коюн жайып
олтурган чабанга окшойт,
түбү менен казып келип
асфальтка оё салган карагайлар,
түнү менен шашып келип
кызматка коё салган адамга окшойт.

Кыпкызыл аскалардын арасында
ыйлап турам,
«кыргыздар,
тарых музейине там бергиле?» — деп,
кыргыздар,
тарыхыңарга кан бергиле?» — деп.

Айткылачы,
эстелик тургузганга
эмне жетпейт,
таш жетпейби,
болбосо
баш жетпейби?
Айткылачы?
Эки метр бөз кеткен Алыкулга,
эки метр жер кеткен Алыкулга
канча таш кетет эле?
Эстелик тургузганга —
Токтогулга,
эстелик тургузганга —
Кожомкулга
өзүнүн ташы өзүнө жетет эле.

Калк мурасын
кагазга каалагандай өзгөрттүк бүт,
көйнөктү өзгөрткөндөй
жер-суунун аттарын да

өзгөрттүк бүт.
Жайлоону жолго айланттык,
Кочкорду Кочкор дебей
«Кочкорка» деп,
койго айланттык.
Токмокту «Такмак» дедик,
акылсызды акылман деп,
акылманды акмак дедик.
Кийбегендин баарысын кийдик дедик,
билбегендин баарысын билдик дедик,
кыйратып салгансып биз
кыргызды кыргыз дебей
«киргиз» дедик.

— Бул кайсы базар? — десең,
— Бу деген базар эмес
«Дардаңбай кашар» дешет.
— Бул кайсы балык? — десең,
— Бу деген балык эмес
«Дардаңбай арык» дешет.
Дардаңбай,
Дардаңбайлар,
кайда барсаң Дардаңбайлар толуп алган,
Дардаңбайлар дардайып тоюп алган,
даарат алган жерине да
жада калса өз аттарын коюп алган!

Кайдыгерлик,
кайдыгерлик!
Баткакка баткан жандай
биз сага кайдыгерлик
баттык го белчебизден,
тоголонуп баратсаң эңкейиштен,
токтотуп калмак турсун
тоголонуп кетсе экен деп керкейишкен,
ыйлап турсаң аркы өйүздөн,
ырсаңдап жыргап турган
берки өйүздөн,
кишиге окшош жандар чыкты.
Же болбосо
эмделбей кабылдаган,
элп эткен желди көрсө
этеги жабылбаган,
элин саткан,
жерин саткан,

койнунда эрин саткан,
эрмектеп денин саткан,
туруксуз максат чеккен,
тууп салып таштап кеткен
сойкулар кайдан чыкты?
Көздөн жаш,
көкүрөктөн арман чыкты.
Айткылачы?
Кол сунсаң арылаган,
туура эмес дарылаган,
эң жөнөкөй ооруга да
дарт белгисин коё албаган,
эң жөнөкөй ооруну да
жоё албаган,
жылаандай чала өлтүргөн,
наристе бала өлтүргөн
врачтар кайдан чыкты?
Ошолор оорукана дегенге
кантип кирет?
Ак халатты уялбай
кантип кийет?
Кантип,
кантип дегендер уйку бербей
мээмде калкып жүрөт.
Өмүрдүн кайдан билсин баркын булар
оо Гиппократтын анты ургурлар,
эл ичинде уялбай
кантип жүрөт!

Ак койду өлтүрдүң деп тултуктайбыз,
адамды өлтүргөнгө унчукпайбыз!
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!

Жыйналышта кайра куруу,
айкындык деп лакылдайбыз,
а бирок,
өзүбүздүн башыбызда төөнү көрбөй,
бирөөнүн көзүндөгү көөнү көрүп
бакылдайбыз!
Ак-Сай, Арпа арып барат,
Алай, Чаткал карып барат,
Ысык-Көл, Соң-Көл күндө байып барат,
жайкалган чөптөр кыйрап
жайыттар жылдан-жылга тарып барат,
ага болбойт

асфальт жолдо машиналап,
темир жолдо вагон менен,
деңиз жолдо баржа менен,
үндөрдү укпай
— токто! — деген,
үндөрдү укпай
— кайда? — деген,
тонна, тонна азотторду
көлдү көздөй алып барат,
көлдү көздөй акыр-чикир
көз жаш болуп агып барат...
Кайдыгерлик!
Кайдыгерлик!
Айткылачы,
эмне жетпейт,
баарысы бар?
Короондо машинанын жаңысы бар,
көзүндө көз айнегиң,
оозуңда чайнаган сагызың бар,
айткылачы,
эмне жетпейт
баарысы бар.

Жаралып калган үчүн корстон болбой,
жан багып жүргөн үчүн арстан болбой
адам бол деп жатпайбы сүйгөн жарды,
адам бол деп жатпайбы билген жанды,
чөнтөгүң кабат-кабат болгон менен
дүйнөң жарды,
дүйнөң жарды,
дүйнөң жарды...

Түгөнүп жатсак дагы
түгөйлек деп,
шашылбайбыз,
өрттөнүп жатсак дагы,
өчүрүп койгула деп,
чакырбайбыз,
өлтүрүп жатса дагы,
өлөлөк деп шашылбайбыз,
кайдыгерлик,
кайдыгерлик
катып калгыр катып турат,
кара таштай
үстүбүздөн басып турат!..

## ЭНЕ ТИЛИН УНУТКАНДАР

Чырылдаган иштин да чатышы бар,
чындыктын да чыгышы, батышы бар,
чытырмандын кудайы пил эле эмес
чымындын да жашоого акысы бар.

Сайдын дагы баштаган башаты бар,
саяпкердин сактаган такасы бар,
өрөөндөгү кенедей өзөндүн да
өз тилинде чардаган бакасы бар.

Кыргызмын дейсиң мага
кыйшактап бийлеп туруп,
кыргызмын дейсиң мага
тамекиңдин түтүнүн үйлөп туруп,
Кыргызмын дейсиң мага
кыргызча араң сүйлөп туруп.

Кыргыз эмес кыргызды жыдыткандар,
кылым кезген тарыхын унуткандар,
кыргыз эмес кыйшайтып калпак кийип
каада-салтын калкынын куруткандар!

Тил жоголбойт,
жоголсо, жоголот дил,
уулуң дагы,
кызың да
жоголот бил!
Тил жоголбойт
жоголсо айланасың
колу-бутсуз мунжуга тоголок бир!
Ысыгыңа,
суугуңа тоңбогондор,
ырысын жеп ыр-күүңдү кордогондор,
кыргыз эмес кыргызды төрткө бөлүп
кылтыңдашып түлкүдөй жойлогондор!

Мен азыр мисал кылып,
Мурат деген жигит жөнүн айткым келет,
Мурат минтет:
«Энеке,
энекебай,
өзүңдү түшүнсөм да,
сөзүңдү түшүнбөймүн,

3758/91
Центральная библиотека
Нарынской городской
централизованной
библиотечной системы

тууган эл кечир, кечир,
туз-наныңа түкүрбөймүн,
а бирок эмне кылам,
энемди түшүнсөм да,
эне тил дегенге мен түшүнбөймүн.
Түшүнбөймүн
ырыңды,
макалыңды,
Кошоюң, Бакайыңды?
Башка калктын тарыхын билген менен
билбеймин Манасыңды?
Тууган эл келатамын
сындырып кабырганды,
сыздатып жүлүнүңдү,
жулдуруп канатыңды!
Сен кимсиң?
Чоңсуңбу,
кичүүсүңбү,
баласыңбы?
Мен Муратмын,
досторум Мурик дешет,
Мурик эмес,
Муратмын мен,
мен ошомун,
орустардын арасында — «дуракмын» мен,
кыргыздардын арасында — «келесоомун»!

Ай, Мурат, Мурат, Мурат
бир боорум кагылайын,
Тили бар болгон менен
тил катып үндөй албай,
тили бар болгон менен
канчалар сен сыяктуу дудук болду
эне тилин
тилмечсиз сүйлөй албай?

Калайык кечир мени,
койгум жок мен күнөөнү,
тил үчүн жалгыз гана Мурат эмес
сен күнөөлүү,
сен күнөөлүү!

Бөрк ал десе башындан кан алышкан,
бөдөнөдөй бөжөңдөп жан багышкан,
эне тилин унутуп мансап үчүн
эх канчалар маңкуртка айланышкан.

Жыргагандын баары эле турмуш эмес,
«жылт» эткендин баары эле жылдыз эмес.
Билебиз деп төштөрүн каккан менен
билбегендер өз тилин кыргыз эмес!

Калдайгандын баары эле канат эмес,
кабыландын баары эле Манас эмес,
калкын чанган, калкынын тилин чанган
хан болсо да кыргыздын баласы эмес!

Тил жоголбойт,
жоголсо, жоголот дил,
тукумуң да,
тууруң да
жоголот бил!
Тил жоголбойт,
жоголсо айланасың
колу-бутсуз мунжуга тоголок бир...

## КҮТ ЭМИ ЭШТЕК БАЙКЕ, КҮТКҮН ДА ЖАТА БЕРГИН

Ээй,
Эштек байке?
Ушинтип түгөнөрдө өчүп-жанган
өмүрдүн соңуна да келдиң жетип.
Кел эми,
кыйшактабай,
колхозуңа даакысы түшүп турган,
кайра-кайра кылчактабай,
кел эми,
үйүңө кел?
Кутулдуң бардыгынан
түрмөдөн кутулгандай сүйүнө бер?..

Башыңды токмок кылып,
каруунду казык кылып
канча жыл
өгүздөй өкүрөңдөп жер айдадың?
Кимден сен
кем айдадың?
Эштек байке?

Жасаган ишиң менен
жатка да жактың Эштек!

Жамандык-арамдыктан
жаа бою качтың Эштек!
Башкарма кайда айдаса
ошол жакка
башмалдак аттың Эштек!

Сен ойлодуң:
башкаргандар башкаргандан,
эштектер эштектерден таралган деп,
башкаргандар башкарышка,
балдары тамеки үзбөй
Ысык-Көлдүн кумунда кактанышка,
аялы курорттон курорт тандап мактанышка,
эштектер
баш көтөрбөй суу сугарып,
талаада аккан күнгө какталышка
жаралган деп...

Сен ойлодуң:
башкаргандар башкаргандан,
эштектер эштектерден таралган деп,
башкаргандан
чыкпайт такыр жамандар деп,
башкаргандар
өкмөттүк адамдар деп,
эштектер сөз сүйлөбөй сөгүү укканга,
башкаргандар,
бакырып сөгүү үчүн жаралган деп...

А сен кимсиң?
Өкмөткө өгөйсүңбү?
Же эч нерсе сезбеген дөдөйсүңбү?
Эт-бетиңден кетип жүрүп
тамекиден,
пахта менен ак койдон тапканыңды,
эчендер эбин таап ашап турат,
эштектер болгон үчүн
өкмөтүң жашап турат,
Эштек байке!

Мал күтсөң
маани күтпөй,
кызандап жүрдүң Эштек,
кыз-уулуң бой жеткенче
кыялдын кызуусунда жүрдүң Эштек.

Бакытка кыял менен жетсе эгерде,
Сен Эштек ири алдыда
жетет элең жетпегенге.

Эштектерди таңгалтып кызык кылган,
терезесин тордотуп темир менен,
эшиктерин сомдотуп бышык кылган,
муздак суусу чорголоп бир жагынан,
ысык суусу бир жактан ысып турган,
жолу майжол даңгыраган,
там салам деп канча жыл кыялдандың
башкарманын тамындай
заңгыраган...

Кырк жылы мурда салган
тамыңдан дарман кетип,
жер тапсаң
таш табалбай,
таш тапсаң,
кыш табалбай
турганда айлаң кетип
теңелип не кыласың башкармага
үстүндө үйү даяр,
үшүсө күнү даяр.

Башкарганга
Эштек байке,
эштек эмес план керек,
эштек эмес,
эшектей кара күчүң,
гезит-китеп оку десе кузгуң келген
караңгы түркөйлүгүң,
анан дагы
кыйналса кайыл болуп
баарына көнө берген
кыргызча ыман керек.

А сенде
бар ушулар,
ат ордуна карманган качырың бар,
аш ичсең,
азын-оолак катыгың бар,
башыңды чукак кылбай
бутак кылып,
чубуртуп тууп турган катының бар.

Антсе да Эштек байке,
деңиз бута болбойт тура,
өгүз бука болбойт тура,
беленге көнүп өскөн балдар акыр
териңди кайыш кылып,
белиңди майыштырып,
ташынып-тапканыңды
бет келди
төгүп-чачып кордойт тура!

Азыр да
айылдыгы айылынан,
шаардыгы шаарынан келип-кетип,
жээгиңди желелешип,
желкеңден тебелешип,
желдеттей улан-кызың
жем жесең жебе дешип,
желбегей басып турат
«ке-ле-лешип...»

Ээй,
Эштек байке,
эзели төрдө олтуруп,
чер жазып күлдүң бекен өмүрүңдө,
Керзи өтүктөн башка дагы
бут кийим
кийдиң бекен өмүрүңдө,
дем алыш деген дагы күн болорун
билдиң бекен өмүрүңдө?

Чылымга чылагансып
мурутуң ыш жыттанат,
мурунду жөөлөп өтсөң бүткөн боюң
«бур» этип кык жыттанат,
көздөрүң каны каткан чак түшкө окшойт,
колдоруң журтта калган аттишке окшойт...

Чечин эми,
энеңден туулгандан бери карай
дырдай болуп,
чечинген эместирсиң
мындай болуп?
Чечин байке,
кетипсиң кычып-кычып,
мончо деген бейиш ушул
аркаңды берейин бир жышып-жышып...

Кезинде Эштек байке,
мыкмын деп дардайчу элең.
Мык элең,
көп мыкка окшоп
кагылган тактайдагы,
көрүнгөн келип-кетип
тепсеп турган капкайдагы.
Дат деген мыгыңды да кубүдү го,
жамгыр жеп,
шамал кайсап
тактайың чириди го Эштек байке?

Кезинде Эштек байке,
бөркүңдү кундуз кылып,
мыктардын арасынан
өзүңдү жылдыз кылып
тактайга кадаган кол
сууруп алып
карабай муң-зарыңа,
ыргытып таштады го
карылык гүлзарына...
Күт эми,
Эштек байке,
күткөндөй кудайыңдан жамгыр-жааңды,
элүү сомго жетээр-жетпес пенсияңды
жана да Москвадан
жакында
катыныңа бере турган
«Баатыр Эне» деген наамды.
Баарын күтүп жата бергин,
бастырмадай жаман тамда башыңды тырмап коюп,
балким кеч,
балким эрте
жетээр кезек
же ҮЙГӨ,
же ӨЛҮМГӨ...

## КЫЯНАТТЫК

Тарых менен тагдырды кезсең болот,
тарых менен ташты да эзсең болот,
тарыхсыз калк таптакыр тамырсыз калк,
тарыхсыз калк жер менен жексен болот!

Тарых деген тыйын эмес сандыкта жата берген,
тарых деген буюм эмес көрүнгөнгө сата берген,
тарых деген таштанды челек эмес,
таштаса эле акыр-чикир бата берген,
тарых деген төө эмес
буйлалаган жагыңа баса берген!

Кыргыз жерим
кызың жокпу,
кыйналып турганыңда кырчооңдо апалаган?
Кыргыз жерим
балаң жокпу,
башыңа иш түшкөндө аталаган?
Кыргыз жерим
атың жокпу?
Атың кана?
Ата-бабаң калтырган, ата-бабаң?

Жер аттарын өзгөртүп кыяматтык,
жерге-сууга жасадык кыянаттык!
Жаман эмне,
жакшы эмне ылгабадык!

Жакшыбызды жыга чаап думбаладык,
өзгөлөрдү өнтөлөп сыйлагандай
өзүбүздү өзүбүз сыйлабадык!
Кыргызым-ай кылгырып туруп бердиң
кыргызча аттын баарысын бурмаладык!

Кыргызым ай,
түзүңдөн кыйгачың көп,
күлчү ишиңден өкүрүп ыйлачуң көп,
балык кармап олтурган чал арызданса
Балыкчыңды өзгөрттүң «РЫБАЧЬЕ» деп.

Кетмен-Төбө, Кенен Чүй чалкыган жай,
Кемин, Ошуң, Кең-Колуң, Каркыраң бар.
А бирок ашууларың, жазууларың
атынан айрылбаган кайсы жай бар?

Жаман эмне,
жакшы эмне ылгабадык?
Баса калып чындыкты жулмаладык,
көрүнгөнгө калпакты белек кылып,
көрүнгөнгө колду биз булгаладык,

кыргызым ай,
жер тиктеп туруп бердиң,
кыргызча аттын баарысын бурмаладык!

Кыргызым ай,
«жараткан бир кудай» деп,
кудай издеп, «ким кудай?», «ким кудай?» деп,
кара кыргыз тарыхын чийип таштап
Караколду өзгөрттүң ПРЖЕВАЛ деп.

Нарын дайра, Арстанбап дарагың бар,
Ак-Сай, Чаткал, Суусамыр, Алайың бар,
а бирок айылдарың, кыштактарың
атынан айрылбаган каягың бар?
Жадагалса жакшынакай Гүлжан деген атын чанган
Гуля деген аялың бар!

Жоломан Жорик атка конуп алган,
Токтобай Толик атка конуп алган,
өмүрү узун болсун деп тилешип
ысымын Өмүраалы коюшкандар
«умру» деп,
Умрали болуп алган!

Жаман эмне,
жакшы эмне ылгабадык,
жалган ишке чырылдап ыйлабадык,
жарма жасап ичкенге корстон болуп
жан оорутуп мээбизди кыйнабадык!
Мансап үчүн эл-жерге кайыл болуп
майдасын да, чоңун да бурмаладык!

Кыргызым ай,
жулдуруп колдогуңду,
көтөр десе көтөрүп колдоруңду,
Бишкек деген атыңды күм-жам кылып,
ФРУНЗЕ деп өзгөрттүң борборуңду!

Жер түтүн жыттанганын
чөптөн көрдүк,
бактан көрдүк,
гүлдөн көрдүк,
жетимдер көбөйгөнүн
караңгы түндөн көрдүк,
жер-жемиш жетпей жатса
күнөөнү Күндөн көрдүк,

ураалап кыйкыргандан,
ураанды кооз жазгандан башка эчтеке үйрөнбөдүк!

Кыргыз жери кыргызча эмес,
Малиновка, Калиновка, Ивановка,
Кыргыз жери кыргызча эмес
Заготзерно, Ново-Российка, Молозавод,
Кыргыз жери кыргызча эмес
Михайловка, Ключевка, Конезавод!

Кыргыз жери кыргызча эмес,
Серафимовка, Быстровка, Орловка,
Кыргыз жери кыргызча эмес
Сосновка, Покровка,
Чүйдө дагы Покровка,
Көлдө дагы Покровка,
Таласта да Покровка,
Покровка, Покровка, Покровка,
кыргыздын жериндеги татиуровка!

Кыргыз жерим
кызың жокпу?
Кыйналып турганыңда кырчооңдо апалаган,
кыргыз жерим,
балаң жокпу,
башыңа иш түшкөндө аталаган?
Кыргыз жерим
атың жокпу?
Атың кана?
Ата-бабаң калтырган,
ата-бабаң?!.

## КЫРГЫЗБАЙ МЕНЕН КЫРГЫЗГҮЛ БАЯНЫ

Калаанын Кызыл-Аскер жагындагы чекесинде,
орустун жалдап кирме
күпкөдөй бир кепесинде
Кыргызбай деген жигит,
Кыргызгүл деген келин турак кылат.

Кыргызбай бүгүн мына кыркка чыгып,
кожойке кемпирине энекелеп:
— Маша эне бүгүн бир аз,
казанга аш кылууга,

катуураак сүйлөп бир аз каткырууга,
айылдан агам-жеңем келиште эле
бир түнгө мейман кылып жаткырууга,
руксат болобу? —
деп сурап турат.

Кыргызбай деген жигит,
Кыргызгүл деген келин
бул шаарды турак кылат.
Кыргызбайдын бүтүк көз терезесин үлүңдөтүп
онунчу чырак турат.
Кыргызбай кыркка чыгып,
кыз-уулу «атакелеп»,
куттуктап жетине албай
«Маша эне уруксат берсе экен» деп
чыдап турат...

...Жыйырма жыл мурун мунун
жан күйөр жакташы жок,
жалаң иш,
андан башка максаты жок,
жанында жарты тыйын акчасы жок,
Кыргызбай кирип келген кыргыз шаарга
кылт этме,
куудуң-шуудуң маскасы жок.

Жыйырма жыл мурун мунуң
кырчындай жигит эле,
кыялы кыздар тийсе
шыңгырап күмүш эле,
кыйналбай иштеп алса
Кыргызбай кыргызына
не деген үмүт эле?

Заводдор сынык-сунук тетиктерин
Кыргызбай менен кадап,
заводдор майда-чүйдө тешиктерин
Кыргызбай менен жамап
айына элүү сомдон үчтү ыргытып,
«чыйт» түкүрүп
Кыргызбайдын өмүрүн турган санап
күндөн бери
«жылт» деп жыл, ай
жыйырма жыл өткөн экен.

Кыргызбай там алганча
кыргыздын борборунан
кыйла жыл өткөн экен...

«Алтын баш» адис эмес Маскөөдөн колдоо көргөн,
Афгандык жоокер эмес жоодон келген,
Кыргызбай кыргыз эле карапайым
кыргыздын борборуна тоодон келген.

Кызыл-Аскер тараптагы
күпкөдөй бир кепеде
чырактын чөгөт нуру,
Кыргызбай кыркка чыгып бүгүн бир аз
төгөт бугун...

Кыргызбай ырысы жок,
кыйкырып кылычы жок
кышка чыктың,
кызымтал болуп алып
кээ күнү тышка чыктың?
Кыргызбай кимге ишендиң
кылжыйып иштей берип кыркка чыктың?

Кырк жашка чыккычакты
кысылып ачылалбай,
кыйнаган турмушуңду,
кыйшайган калпагыңа жашыралбай,
кыштактан атаң келсе,
кыштактан энең келсе
кыйылып ижараңа батыралбай,
кырк жашка чыккычакты
кыргызча үйгө мейман чакыралбай,
балаңдын тыңшап турдуң басыгын бек,
«кожоюн урушпасын,
акырын,
айлайнайын акырын?» — деп...
Кыргызбай турак-жайың
кырк жашка чыккычакты
кылайган алкак болду,
кысылган бурчта жашап
кыз-уулуң жалтак болду.

Кыргызбай тааныштарың:
— Ишиң барбы? — деп сурашпай,
— Кишиң барбы? — деп сурашат.

Мээни көзөп мезгил учат,
«киши,
киши,
киши...» деген,
«горИСПОЛКОМ,
БТИ...» деген.

Кыргызбай гезитти ачса,
«жакында чоң кызматчы бир жубанга
төрт бөлмө там бериптир ити менен».

Шаарды араласаң
капкара тайгандарын сүлкүлдөтүп,
капталын бүлкүлдөтүп,
катар-катар кабат тамдан
сүлүктөй балдар түшөт,
сүмбөдөй кыздар түшөт
сүлкүлдөшүп.
Алар шаарга ити менен узап чыгып,
газонго алып келип ушаттырып,
гүлбактын саясында бөпөлөшүп,
Гүлзардын арасында жетелешип,
итин алар
үшүсө кийинтишип,
ысыса ваннасына
күндө бир маал киринтишип,
баладан артык көрүп
бапестеп үч бөлмөнүн
биринде алып жатса,
дасторкондун четин керип,
колбаса, этин берип,
жаласа бетин берип
жалбарып багып жатса,
Кыргызбай,
Кыргызгүлдөр
жай кылаар жай табалбай,
таянаар тал табалбай
көк түтүн көөдөнүнөн агып жатса,
ар жыл сайын
көрүнгөн Машалардын
көпкөлөң дөбөттөрүн ырылдатып,
көрүнгөн Сашалардын
эшигин чырылдатып
кагып жатса,
Кыргызбайдын мончо тургай

таранаар тарагы жок,
колбаса, эти тургай
табагы жок,
наристесин тойгузаар тамагы жок
беш чиедей баласын жеңден сүйрөп
көчөдө калып жатса,
Кыргызгүл, Кыргызбайга жар болбосо,
Кыргызгүл гүл ачкыдай
төрүндө жай болбосо,
Кыргызгүл нур чачкыдай
көгүндө Ай болбосо,
Кыргызгүл, Кыргызбайлар
бай болбосо,
Кыргызгүл, Кыргызбайлар
кыргызга тукум улап түтүн булаар
астында иш,
а үстүндө там болбосо...

Кыргызгүл, Кыргызбайда барк болбосо,
Кыргызгүлүн жеңе кылаар
жеринде шарт болбосо,
Кыргызгүлүн кыргызга эне кылаар
элинде нарк болбосо,
Кыргызгүл, Кыргызбайдын
тагдырын ойлой турган калк болбосо.

Кыр-кырда кой деп жүрүп,
Кыргызгүл, Кыргызбайда тиш калбаса,
кыйналган турмушунан
кыргызга из калбаса,
Кыргызгүл, Кыргызбайды
«келе гой» деп,
калаада ишке албаса,
кантип анан
Кыргызбайлар
жеринен бакыт таппай,
жем издеп Ата Журттан,
тууганыңдан
жер кезип жөнөбөсүн!

Кантип анан
Кыргызгүлдөр
элинен бакыт таппай
эси жок,
айбанчалыш уулдарыңдан
эри жок төрөбөсүн!

Кантип анан
Кыргызбай, Кыргызгүлдор
жай тапкан жагын көздөй баш калкалап
жандарын сактабасын,

Кантип анан
Кыргызбайлар
көр оокат азабы үчүн
көрүнгөн жакты көздөй качышпасын!

Кантип анан
Кыргызгүлдөр
апаппак денелерин
акчага сатышпасын!

Эй кыргыздын
кызматы чоң,
үйү чоң,
дачасы чоң,
айлыгы чоң, басып койгон байлыгы чоң уландары,
Улуу Кытай чебине окшоп
дуулдаган дубалдары,
Кыргызбайды кыжынтып акмак кылбай,
Кыргызбайды шаарыңа каттаттырбай,
Каттаттырсаң эшигин канторуңдун
милицияңа тостуруп аттаттырбай,
Кыргызбайдын жүрөгү сыздаганын
угуп турдуң чалкалап сен калааңда,
улуп турду ит болуп эл талааңда,
кыйла жылдар кенебей кете берип
Кыргызбайлар айланды наркоманга,
Кыргызгүлдөр айланды жел таманга.

Эй кыргыздын
үйү чоң,
дачасы чоң,
айлыгы чоң,
басып койгон байлыгы чоң уландары,
Улуу Кытай чебине окшоп
дуулдаган дубалдары.

Кыйырыңа кычырап завод толуп,
Кыргызбайдын кычырап жаны от болуп,
Кыргызбайга бу да жок, а жок болуп
Кыргызбайың кыйналып там алганча
канча идеяң жок болду мамонт болуп,
канча балаң жок болду аборт болуп!..

## ЫСЫК-КӨЛДҮ САКТА ДЕЙСИҢ

«Ысык-Көлдү сакташ керек!» деген сөз ода болду.
Бүтөгөн сайын бүтпөй
айлыңдын жыртыгы улам,
ак койлор маарап турат
апкытыңды жыртып улам,
ак койлор маарап турат
түшүңдө да,
кашардын жылчыгынан...

Телегей тегиз эмес,
жер дагы жетим,
жетим,
эгиз эмес!
Телегей тегиз эмес.

Ичер суу,
күнү түгөп
ажал жетсе,
адам да жок болот го
деңиз эмес,
телегей тегиз эмес!

Жылмайып тийген нурга,
жылынып келген жылга,
«көлдүн өзүн сакта!» дейсиң элден мурда,
көлдүн өзүн,
көлдүн өзүн,
элдин өзүн кимдер сактайт,
көлдөн мурда?
Карегин бакырайтып,
кайырмакка илинген бир балыкка окшоп,
шамалга датын айтып,
өрүк сатып,
өзү да
суусун,
сүтүн
сатып ичип,
көмбөстүн ишин кылып,
өлбөстүн ашын ичип
жансактап жүргөн эптеп,
жалгыз жан кемпирди мен
кантип сактайм?
Кантип сактайм?

«Ысык-Көлдү сактагын?» деп,
саласың какшап айгай,
сактамак турсун көлдү,
ыйманын да,
ынсабын да
сактай албай,
байлыкка башын тыгып,
жүрөктүн күнүн саткан,
жууркаанын сөгүп алып жүнүн саткан,
балдары бастырмага,
өздөрү сыртка түнөп,
бир түнгө үйүн саткан
адамдарды
кантип сактайм,
кантип сактайм?
Көзүңдүн ыйын сурайт,
көңүлдүн муңун сурайт,
бир чыны суу сурасаң сулуу келин
суйкаңдап акысына тыйын сурайт.

Кыдырып келе бербейт дөөлөт деген,
кылымдан кылым кезген сөөлөт менен,
кыз-уулун сактап келген өрнөк менен
Кыргызым унуттунбу?
Сөзүң кана?
— Келе гой, кагылайын,
төргө өт,— деген...

Төгүлүп турган менен көлдүн пейли,
көрүнгөн оонай берип,
көмүлүп барат күндө элдин пейли.
Көлдүн өзүн сакта дейсиң элден мурда,
көлдүн өзүн,
көлдүн өзүн,
элдин өзүн кимдер сактайт,
көлдөн мурда?

Эр түшүнгөн Ысык-Көлдү,
Эзелтен эл түшүнгөн Ысык-Көлдү
эки-үч күнгө эс алганы
баргандар,
сактамак беле айтчы?

Калк түшүнгөн Ысык-Көлдү,
Чыңгыздай алп түшүнгөн Ысык-Көлдү,

көчүгү менен тепсеп,
көзүңө шалп түкүргөн
айбандар,
сактамак беле айтчы?

Же болбосо,
токоюңа жутунушкан,
толтуруп курсактарын
тойгончо кутурушкан
дардаңдар
сактамак беле айтчы?

Өзгөнү өтүгүндө ылай сезип,
өздөрүн жалгыз гана кудай сезип,
өлсөң да,
өкүрсөң да тоготпогон,
өзүңдү
өз көлүңө жолотпогон,
«Пансионат» демиш болуп,
зым менен,
печать менен ороп турган
көлүңдү,
көрүңдү да казып алып тоноп турган,
айбандар сактамак беле айтчы?

Кокустан сен аларга —
Ысык-Көлдү жегин десең,
азыр эле устукандап,
кокустан,
сен аларга —
Ысык-Көлдү саткын десең,
чемичке саткан өңдүү
азыр эле сатып кирмек
стакандап!

Келими-кетими жок,
кандай калк болуп бүттүк кешиги жок,
каалгасы турган менен киреpге эшиги жок,
келечек урпагына калтыраар бешиги жок!

Жоголгон,
барк жоголгон,
жол тартып келе жаткан жолоочуга,
айранын ала чуркап,
кымызын сунуп турган салт жоголгон!

— Ассалоом алейкум деп,
босогоңду аттагандан
корком ата,
чолпондой болгон калаам Чолпон-Ата?

Кыдырып келе бербейт
дөөлөт деген,
кылымдан кылым кезген сөөлөт менен,
кыз-уулун сактап келген өрнөк менен
кыргызым унуттуңбу,
сөзүң кана?
«келе гой кагылайын,
төргө өт?» деген.

Жылмайып тийген нурга,
жылынып келген жылга,
көлдүн өзүн сактайм дейсиң,
элден мурда,
көлдүн өзүн,
көлдүн өзүн,
элдин өзүн кимдер сактайт көлдөн мурда?

## ЭСИҢЕ КЕЛ

Тоолордун Кантка жетпей
токтогон уч жагында,
Нижне-Серафимовка деп аталган
кыргыздын кыштагында,
бул дүйнөдөн бөлүп салган
дубал турат темир-бетон
табытка окшоп өлүк салган...

Таш дубал ар жагында
дарактар аста шамал үнүн коштоп,
майыптар жылат аста дөңгөлөкчөн
жамгырдан кийинки бир үлүлгө окшоп...

Бул дүйнөдөн бөлүп салган
дубал турат темир-бетон
табытка окшоп өлүк салган.

Таш дубал ар жагына
гүлүн дарт күбүп бүткөн,
канын дарт шимип бүткөн,

Эсине кел //Ж-те: Дуйшеев.Ш.Кайдыгерлик: Ырлар:Жаштар у-н.-Б.: Адабият,1991.-36-40 бб. бетте.

көн
ет

ткөн.

тагдыры,
ташы бүтүн,
казанда ашы бүтүн.

Таш дубал ар жагында
балдарын эркелетип кечки иңирде,
балпайып төрдө олтурар мезгилинде
куу тумшук аталышып
куулган теңиринен,
куулган кыз-уулунан,
келининен,
карыган кемпир жүрөт,
карыган чалдар жүрөт
башпаанек таппай койгон,
балдары бакпай койгон.

«Таласым,
Таласым» деп,
Таласын көралбай бир,
тамагы,
тартибине көналбай бир,
Таласын беш маал тилеп кудайынан
Таластын топурагында өлалбай бир,
Таласта жүргөндөгү дымагы жок,
Таластык кемпир жүрөт,
жарыктык ай,
бир чөөгүн чайдан башка зыяны жок!

Там, мүлкүн талап алып,
талаага кууп салган жакындары,
куурагыр,
куудай кылып чачын дагы,
өзү жууп өз кайгысын башындагы,
Таластык кемпир жүрөт
пайгамбар жашындагы...

Башбагып калсаң кокус,
бейчеки жүргөн жан деп санабастан,

бейтааныш экениңе карабастан:
— Менминби,
мен, менминби? — дейт,
— Алып кетчү балам болбо,
сен,
сен кимби? — дейт,
— чын эле Таласыма,
Таласым,
Таласыма,
алып кеткени келдиңби? — дейт.

Калайык,
кагылайын!
Калкыңа Талас баткан,
Каныкей, Манас баткан,
калкыңа кыргыз баткан,
кадимки Чыңгыз баткан
бир кемпир баткан жокпу,
бир кемпир баткан жокпу?

Көр кылды го,
көңүлдү азыр заман,
көчүп барат көзүмдөн акыр заман,
тарыхыңда кыргыз эл жок эле го
ата-энесин кыз-уулу батырбаган!
Жыгачты курт жегендей,
темирди дат жегендей,
кишини дарт жегендей
мээмди ой жеп келет каңгыган бир,
бул жерде кемпир жүрөт Ат-Башынын
Ак-Муз деген айлынан бир...
Ат-Башы жакты билем,
Ак-Музду жакшы билем,
а бирок,
көргөндөн соң
багуусуз калган жалгыз кемпирди мен
жүрөктү таш баскандай басты күнөм!

Тоо баткан Ат-Башыга,
токой баткан,
Ат-Башыга Алмамбет, Кошой баткан
бир кемпир баткан жокпу?
Асыл жер айланайын,
бир кемпир баткан жокпу?
Ай кургур,

куурайдай арыктаган
куурап турат,
денесин кармаалбай
бүлкүлдөп ыйлап турат:
— Теңир,— дейт,
каран күнгө баттым беле,
же маңдайга,
кетпес шор жаздың беле,
карыганда тайкы болду бактым неге,
өзүмдүн жатынымдан чыккан кызды
өзүмдү кууп чыгат деп бактым беле?

Сенделип басып калган,
сексенден жашы небак ашып калган
кемпир жүрөт Тянь-Шандык
Айша деген,
кейпинен азып калган.

Жүрөктө айыкпаган жарам бар дейт,
үйүм бар Тянь-Шандын Оттугунда
үйүмдөн кууп чыккан,
келиним,
балам бар дейт.

Өмүрдү өчөөрүндө муз кылбай дейт,
өзүмдү өз уулума муш кылбай дейт,
кудай ай алып тынсаң болот эле
куураган күндү мага туш кылбай дейт.

Маал жетсе ушул жерден өлөт дешет,
мал өлүп калган өңдүү көрөт дешет,
эки-үчөө тележкага салып барып,
трактор менен чукуп көмөт дешет.

Мезгилдин
металл кийген,
жолунда куюндаган,
агызып жатат жылдар
кыштактын ыйын маган,
кокустан эртең алар көз жумушса
киндик кан тамган жерден
топурак буюрбаган,
чалдарды ата кылып алып калганга,
кемпирди эне кылып алып калганга,
кагылайын,

кыргыз эл ай,
кыштагың,
айлыңан бир,
жан адам чыкпаганга ардыгам бир!

Ырысыбыз безип барат боздоп ары,
ыйманыбыз кетип барат коштоп аны,
этке мал тапшыргансып,
тапшыра башташты азыр карыларын
Көлдө дагы,
Чүйдө дагы,
Ошто дагы...

Кыз-уланы улуусун барктачу эле,
кыянаттык иштерге баспачу эле,
кыйналса да абийрин сактачу эле
кыйын кезде итин да таштабаган
кыргыз качан карысын таштачу эле?!

Карачы,
канчалаган ГЭСиң туруп,
карайлап чырак жаккан кыштагыңды,
карачы кара таандай коюң туруп,
дүкөнүңдө көк сүттү,
быштагыңды?
Карачы уулдарыңды,
колуна бийлик тийсе
корсоңдоп өз элине манап болгон,
карачы кыздарыңды?
Кыздарың кырчынында талак болгон,
кымызың кымыз эмес чалап болгон,
балдарын таштаганы аз келгенсип,
эми бизде,
атаны таштамай да,
энени таштамай да адат болгон!

Каалайсыңбы
кыргыздын кем болушун,
караңгыдан чыкпастан жем болушун,
оозуң кана дегенге мурдун айтып,
каалайсыңбы жер менен жер болушун!

Каалайсыңбы кыргыздын шал болушун,
карыларын жоготуп зар болушун,
ушул кезде элге окшоп дүйнө билбей
улан-кызы жалдырап мал болушун?

Кыргыздар
токтогула?
энесин таштаганды
Атасын таштаганды,
эл-журтка коппогула?
кыргыздар
токтогула?
Токтобосоң,
кайгы-муң каптайт бир күн,
каныңды кактайт бир күн,
энесин таштагандар,
эртең эле,
башыңа азап түшсө,
элин да таштайт билгин!
Атасын таштагандар
Ата-Журтун таштайт билгин!

## ШАМАЛ

Жылдыздар түшүп жатат...
Калаа кечте,
ишинен келип жаткан коңшуларды
балкондон карап турам анан кечке,
кечке,
кечке...

Сени ичип келбесе деп,
сен ичип келген сайын
жүрөк «зырп» деп
илгерки
ичип кеткен
атамды эстеп...

талкаланган айнектен кирген шамал,
көкүрөктү бычактай тилген шамал,
калдаң-калдаң каректе турган шамал,
апакемдин көз жашын жууган шамал,
шамал,
шамал...
Ал шам өчүп,
апамды,
бизди таштап
арактын аркасынан
атам кетип,

атасыз калган өсүп
өзүмдү эстеп,
сени ичип келбесе деп,
сен ичип келген сайын
бешикте уктап жаткан Көкүндү эстеп,
«экинчи ичпейм» деген сөзүңдү эстеп,
балкондон карап турам...

Сен ичип келатасың!..

## ЖАЛБЫРАКТАР

Жүрөктөрдүн толтосуна
ушунча жыл самап жүрүп
салган дарак — үйүңөр,
ушунча жыл сен экөөңөр
канат кылып
жерден көккө
учкан дарак — үйүңөр
урап түштү капыстан...

Сайрап берчү чымчыгыңар көп эле,
сүйлөп берчү жылдызыңар көп эле,
ырдап берчү шамалыңар көп эле...

Азыр болсо,
машиналар гүүлдөп аккан
ошол үйдүн алдында
атасына жүгүргөнсүп жүгүрүшкөн
жалбырактар дегдең-дегдең,
жалбырактар саргайышкан
балдар өңдүү
аталары таштап кеткен...

## ЭНЕ

«Күйөөсүз төрөп салды...»
деген айың,
көкөлөп жүрдү көпкө
көчөнүн кечип чаңын:
«...байкуш Гүлсүн,
курган Гүлсүн,
шордуу Гүлсүн!..»

Кейибе,
Гүлсүн, сен азаматсың,
келин көп күйөөсү жок,
жарыкка келген жандын
кымындай да күнөөсү жок.

Күл,
күл, Гүлсүн,
бүгүн сен эне болдуң,
аны алар кайдан билсин,
күл, Гүлсүн,
гүлдөгөн бир гүлбакка окшогонуң,
сен эми эне болдуң, коркпогунуң?

Иштеп ал,
иштебесең көп жүр мейлиң,
балаңды базар кылып,
төккүн мээриң,
атасыз өстүрсөң да,
апасыз өстүрбөгүн,
атасыз кайдан жакшы...
а бирок төрөгөн оң
төрөбөй калганчакты.

Балаңды жакшылап бак,
жалбырагын төгүлтөт терек күздө,
жакшы балдар көбүрөөк керек бизге!..

## ЧАЛ. ҮЙ. ЖОЛ

Ушул жылдын кайсыл бир күндөрүндө
Бишкектин жепирейте камыш жапкан үйлөрүндө
көз жумду
өзүмдүк там-ташы бар
Матвей деген бир чал.

Чал жүргөндө бир дагы келишпеген,
чал төшөктө жатканда көрүшпөгөн,
аял,
эркек келишип алып анан,
айкырышып,
талашып тамын анан,
узатышты маркумду жайына араң...

Канча жыл чогуу турган,
үйлөнгөн,

турмуш курган —
таштап жайды,
чий жон менен,
мүрзөгө бара жаттык чал экөөбүз
бир жол менен...
Жеткенде
бөлүнүп кеттик эки:
чал калды көр ичинде,
мен кеттим ижара издеп
кайгымды бөлүшүүгө...

* * *

Шарт ушул деп шампаңдабай
айдоонун КҮНҮН жагып,
жайлоонун ГҮЛҮН жагып
шаарымды айылга алып кетсем кантет
бүгүн барып...

...өзүмдү баккан тоолор,
өзөктө жаткан талаа,
өңүңөн азган калаа
кирсин акка,
микрорайондор минсин атка,
борсулдап күлсүн бакча,
болбурабай
боз үйдү билсин жатка!

Айкалып кыраң кеч деп,
жайкалып тулаң кеч деп
ыргытып үтүгүңдү,
түтүнүңдү
шаарым сени
айланайын
айылга келип турат алып кетким,
шарылдап мөңгүлөргө агып кеткин...

* * *

— Ассалому?..
— Аллекима...
— И, алың кандай?
— Жаман эмес. Өзүңчү? Айыл кандай?

машина алдым,
албасаң болбойт экен,
адамдар бечара деп ойлойт экен...
— Машина де?..
— Эй, кайсыл кесипте элең?
— Гезитте эле...
— Айлык канча?
— 150 сом.
— Үч элүү сом! Аха-ха-ха-ха,
үч элүү сом тамың барбы?
— ??? алабыз го Асанбайдан...
— Аха-ха-ха... атаң салган,
Асанбайдан, Үсөнбайдан, аха-ха-ха
эй гезитчим! Түкүнчө деген БАЗА
түшөм кайдан!?.



# Тилден дилге

# ПАРСЫ КАЙРЫКТАРЫ

* * *

Көңүлдөгү эски жарам бу —
Көкөй кескен мастык тараар деп.
Көк нур чөккөн Тегерандагы
Чайканада жатам аны эмдеп.

Чайканачы даалдап, чайканам
Жактырса деп орус, ой кыла.
Кызыл чайдан куят кайтадан
Кызыл шарап, арак ордуна.

Сыйла мейлиң, бирок кыстаба,
Багың бейиш, көрчү гүлдөшүн.
Кызың маган жөн көз кыспады
Ача коюп бетте чүмбөтүн.

Россияда бийкечтерге биз
Ит сыяктуу карғы салбайбыз.
Өбүшкөндү үйрөнөбүз түз,
Акча, мушташ жана канжарсыз.

Бул сулуунун тулку боюнун
бир кыймылы үчүн белекке.
Хорассандын шалы жоолугун,
Шираз килем берет элем мен.

Куйчу чайдан, кызыл, кел эми,
Жалган сүйлөп жанды жей албайм.
Өзүм үчүн жооп беремин
А сен үчүн жооп бералбайм.

Карай бербе каалгаң тыштагы
башка эшик бар бакта билбечү.
Маган кызың жөн көз кыспады
Ала коюп бетте чүмбөтүн.

* * *

Босфоруңдун болгонум жок өзүндө
Куру-бекер андай-мындай дей албайм.
Бирок деңиз куйуп турду көзүңдө
Көгүш жашыл отту көрдүм мен андан.

Кербен жалдап Багдадыңа шарт жөнөп
Ташыбадым жибек менен хнаны.
Солкулдаган денең ийчи баш жөлөп,
Берчи уруксат тизеңе уктап турайын.

Канча ирет айттым өткөн тарыхты
Билгениң жок канча жолу чачылдым.
Россия деген жерде алыскы
Мен белгилүү жана даңктуу акынмын.

Кыяк үнү өрттөп барат денемди
Ай алдында үргөн итин угамын.
Парс сулуусу чындап көргүң келбейби
Көк жашыл нур бейиш өңдүү бу жайды.

Мен бул жакка кусам ташып келбедим,
Алдадың да аяр гана азгырдың.
Аккуу болуп кучагыңда термедиң,
канат болуп кучагыңда мас кылдың.

Жетет эми шыбаа тилейм өмүргө
эми маа жат эңсөө, самоо өткөндү.
А көрөкчө айтчы кыздар жөнүндө
Же өзүңдүн куунак-шайыр өлкөңдү?

Өчүр отту куса болгон кыякка
Кумарыңа салчы мени кайрадан.
Санаа тартып алыс калган тыякта
Сагынбайын асылкечти кайрадан?

Босфоруңдун болгонум жок өзүңдө
Ойдон тапкан шылтоом болчу жөн гана.
Бирок деңиз күйүп турду көзүңдө
Көгүш жашыл отту көрдүм мен жана.

* * *

Күүгүм каптап күнөс өрөөндү
Талаа бойлойт гүлдөр жарышкан.
Ырыңы эркем ырдап бер эми
Хаям ырга эргүү тамызган
Талаа бойлойт гүлдөр жарышкан.

Балкыйт Шираз айдын нуруна
Жылдыздарын бүркөт көк теңир.

Парсылардын жакпайт чыны маа
катын-кызын чүмбөттөшкөнү.
Балкыйт Шираз айдын нуруна.

Үшүйбү же алар ысыктан,
Чүмкөп алат жездей денесин.
Көп болсун деп арзып, кызыккан
Күйгүзбөйбү күнгө же бетин?
Чүмкөп алат жездей денесин.

Чүмбөтүңдү эркем ташта ары
Бул айтканым жөн-жай кеп эмес.
Өмүр деле ансыз аз дагы
Бакыт дагы андан көп эмес,
Бул айтканым жөн-жай кеп эмес.

Серт өң деле жазмыш шартынан
Жарк этет да күндөй ачылып.
Сулуулукту демек чалкыган
Кылмыш болот жаап-жашырыш.
Бул табигат берген тартуу да.

Талаа бойлойт гүлдөр жарышкан
Бөтөн өлкө жүрөктү азгырат.
Ырдайм эркем эми мен саган
Хаямдан да мукам, жакшыраак.
Талаа бойлойт гүлдөр жарышкан.

* * *

Шаганэ, жаным Шаганэ!
түндүктөн келдим сага мен.
Буудайлуу, айлуу талаамы
Айтууга баарын даярмын,
Шаганэ жаным, Шаганэ!

Түндүктөн келдим сага мен
Жүз эс ай чоң аякта.
Шииразың укмуш болсо да
Рязанга жетиш каякта
Түндүктөн келдим сага мен.

Айтууга баарын даярмын,
буудай өң сары чачтарым.
Чыдаймын эркем чым этпей
Чындасаң кармап тарт аны
Айтууга баарын даярмын.

Толкуган буудай, талаамы
Тармал чач мен деп билгиниң.
Кымбатым ойно, күлгүнүң,
Эстетпе бирок жанагы
Толкуган буудай талаамы.

Шаганэ жаным, Шаганэ!
Түндүктө бир кыз бар эле.
Ушундай сага окшош
Мени ойлоп мүмкүн а дале...
Шаганэ, жаным, Шаганэ!

* * *

Айттың Саади бил акын
Так төшүмдөн өпчү деп,
Шашпа сулуу тура тур
Мен да үйрөнөм өпкүлөп.

Курандын бир соболу
Дедиң жоодон кек алуу.
Рязандык боломун
Урганым жок мен аны.

«Артык Ефрат гүлдөрү
Кызыңдан» деп ырдадың.
Эгер болсом дүйнөлүү
Башка болмок ыр дагы.

Ал гүлдөрдү тепсеш эп,
Жалгыз кубанч мендеги.
Шаганемэ жетпес эч,
Сулууларың жердеги.

Салба оюма чуулган
Санжыра айтып асылба.
Акын болуп туулгам,
Өбөм демек акындай.

* * *

Мен сараптан бүгүн минтип сурадым,
Канча тыйын берет жарты түмөнгө.
Лола үчүн күйүп барат бу жаным
Парсыларча кантип айтат сүйөм деп.

Дагы минтип мен сараптан сурадым,
Сылык-сыпаа, Вандай айгай салбай тек.

Лола үчүн өрттөнүүдө бу жаным
«Өптүр» деген жароокер сөз кандай деп.

Анан дагы мен сараптан сурадым,
Жүрөк сүрдөп, батыналбай коогалуу.
Кантем деги, кандай айла кыламын
Кантип айтам «мендиксиң» деп Лоланы.

Сарап мага мындай деди нускалуу
Сүйүү жөнүн айтпайт жалаң сөз менен.
Сүйүү деген үшкүрүнүү, кызгануу
Сүйүшкөндөр сүйлөшүшөт көз менен.

Өбүү деген, болбойт анда — ысым, ат
Өбүү деген табыттагы түр дебе.
Өбүшкөндө кызгалдактын жыты урат
Эриниңе эрип кетет бирдеме.

Кепилдикти талап кылбайт сүйүүдөн
Ырахатын, ыйын билүү милдетиң.
«Сен мендиксиң» деп айталат сүйүнгөн
Колдор гана алып жатып чүмбөтүн.

*ЮРИЙ КУЗНЕЦОВ*

## ЖОЛ ТООМУ

Жаштык колун булгалайт да жашынат,
Түн туптунук, Зылдын ташы ой деген.
Батыш жакка жылдыз кулап шатырап,
Алыстыктар келет өтүп жол менен.

Шуулдаба сыйдаң өскөн дарактар
Бу дүйнөдө, а дүйнөдө бас үнүң.
Күйбөгүлө сүттөй аппак тараптар
Көпүрөсү жамандыктын, жакшынын.

Жол бөлүнүп өтөт үйдөн чубалжый
Асман түптөн жерге чейин жарака.
Айрылыштан көралбадым кудайды
Атакпы же, чаңбы айдаган ыраакка?..

Күткөндөгүм мейкиндиктен күндө не,
Неге турам капчыгайда баш каңгып?
Мен баары бир калбайм жарык дүйнөдө
Жалгыз келгем, кетем кайра жапжалгыз.

Шуулдашты суйдаң өскөн дарактар
Бу дүйнөдөн, а дүйнөдөн акты үн.
Күйүп кетти сүттөй аппак тараптар
Көпүрөсү жамандыктын, жакшынын.

## ЧАБА ЖААГАН ЖААН

Тургунуң тикеңден! Тургунуң тикеңден!
Жатат жаан чаба жаап, жатат жаан чаба жаап.
Аял да, кат дагы болбойт саа ишенбе,
Жатат жаан чаба жаап, жатат жаан чаба жаап.

Үч түнү үч күнү жөөлүп чыгасың,
Жүзүң ным, а көзүң үлүңдөйт акырын.
Тикеңден! Сен кимдин алдында турасың?
Лейтенант, суу болду баштыкта азыгың!

Төрт жактан согот жаан оролуп мойнуңа.
Токто! Ким келаткан? Жамгырбы? Төгүп тур...
Купкургак ок берсең кат берем ордуна!
Эй лейтенант?!. Лейтенант өлүптүр.

* * *

«Ал ким экен? Кудай бекен? Атаңы!..
Эй эмнеге эсептешпейт биз менен?» —
Кишилердин баш айланткан чатагы,
Ич тардыгы кычыратат тиштерин.

Мейли алар токсон, жүздөн кем калгыс
Чыксын жашка, калбайт бирок катарда.
Кузнецов деген менмин. Мен жалгыз,
калганы бүт — жалган жана жасалма.

## БӨТӨН

Күн чак түштө чырак кармап басышат,
Өлгөн башка, мени көөмп жатышат.
— Эмне деген бутпарастык! Эмне дешет эл укса!
Жүрөк барбы бу силерде, уят барбы кенедей!
Жооп угам жооткоткон кенебей:
— Там разберутся! Там разберутся!

* * *

Эсимде, үйгө кирген күн
Чаң, тердин коштоп илеби.
— Чырагым кимге үйлөндүң?
— Кимисин шайтан билеби!

Жакырдык... жаның күйөсүң,
Жаалдандым күн-түн дил эзе.
— Чырагым неге күлөсүң?
— Ким билсин шайтан билбесе!

* * *

Термелип барик тажады,
Суунун да чанды жомогун.
Учту анан, кайгы тарады
А менчи, эмне боломун?

А балким бекер эрчидиң
Ал сен деп азап чегүүдө.
— Сурадым: — Кайда тентидиң?
— Дүйнөнүн бүткөн жерине.

*НИКОЛАЙ ТИХОНОВ*

## МЫК ЖӨНҮНДӨ БАЛЛАДА

Соңку ирет канжасын шашылбай сорду да,
Соңку ирет жылмайып, турду анан ордунан.

«Офицерлер алдыга! Команда, фронтко».
Келатты жакындап командир бир окко.

Сөздөр да бой түзөп, жоокердей дымыйт таш.
«Якорь... Камдангын! Багытың — чыгыш жак.

Аялың, балдарың, жакының барларың
Кайрылып кайтпайбыз катыңды камдагын.

Өлүүгө кез келсе күч керек азыртан.
Баш жоокер жооп берет: «Күч жетет капитан».

Анан эң тайманбас, эң жашы аялуу
чөктү да, баратып Күндү жалт карады.

«Ойлоду ал,— деңизби, мүрзөбү же эски,
Каякта жатсаң да баары бир эмеспи».

Адмирал үндү үкту жел менен таңдагы:
«Аткарды буйрукту. Тирүү жан калбады».

Эгерде күн келсе мык жасап чыгарган
Бекем мык дүйнөдө жок болмок булардан.

*ВИЙВИ ЛУЙК*

## ЖАҢЫ ҮЙЛӨР

Эрдимдеги боёк даамын ушунчалык сезди күч,
бул даам үчүн беш сом төлөп, кезек күтүп өтүнгөм.
Анан эмне, түнөргөндө терезелер кечкисин
оңой бекен, жалгыз калуу өз үйүңдө өзүңдөн.

Шумдуктар да боло берет, тагдыр бирок кошулбайт,
өлгөн күнүн жазчу сөздө жылдызчалар турат бу.
Китепти ачып окуйм соңку үзүндүнү окулган,
дубал туштан качанкы бир тажаттырган чыгат чуу.

Өмүрүңдө талкаланбай, согуш көрүп серпилбей
билалбайсың бейкут күндүн даамы кандай асыл заа.
Балконунда аппак шейшеп түндү көздөй желпилдейт,
жаман сезим коогаланды алып келет акынга.

## БЫЙЫЛКЫ КЫШ

Кечээги кыш келет бүгүн, эртең, анан кийин да,
февралдарды эгер сен бириктирсең быйыл да,
шылдыңы жок, жолоочудай үмүт өтөт алыстан —
каалганын кашектери качанкы бир ырды ырдайт.

Кар боройлоп жаабайт эми, шамал гана озондойт,
деңиз жана бул аянттар, жана бул там бозоргон
бир жак көздөн кирет дагы, бир жак көздөн чыгышат,
жүз жылың да аз-аз калат солк дей түшүп ошондо.

Кокус корксоң отторду жак, күйгүз бардык тарапты,
бирок артың карабагын, мүмкүн эмес карашка.
Лимон менен жайкы аптаптан сактануучу дары алып
тегеренме тепкичиңде кечинде үйгө баратсаң.

*ПАУЛЬ-ЭЭРИК РУММО*

## ӨЗ УЮГУНДАГЫ ААРЫЛАР

Алмуруттун ичиндеги атак-даңкын гүлдөгөн
кудайына чейин даңктап көкөлөтүп аарылар
өздөрүнүн кенчин көздөй жалбырактуу дүйнөдөн
чыгып келип табышышып бирин-бири айныбай,
күткөндөрүн издеп учуп, көтөрүлүп күү менен,
токтой калып саламдашып, бирөөлөргө тааныган,
бирөөлөргө жүгүнүшкөн, үнгө үнгө айланып гүүлдөгөн,
күңкүлдөгөн, кобураган өз намазы таанымал —
дал төбөдө алтын венок уюлгуп,
терезеден жашыл жарык куюлуп
жерди көздөй шашылат,
жетип гүлгө басылат.
Мына ушинтип бардык жапан аарылар
өздөрүндө өздөрүнчө ызылдап,
өөдө-төмөн өрмөлөшүп көк асмандын алдында
уу-дуу болуп уюгунда,
бутактардын учтарында тызылдап,
чарчоо билбей аккан күндөн жашыл нурлар сызылат.

*ЮСТИНАС МАРЦИНКЯВИЧЮС*

* * *

Көк талаага жаш төккөнсүп
булут бизге жаш төктү.
Кайгы менен муңга көп тундук,
какшып бүткөн бакыт көз жумду.

Бир күүгүмгө үчтөн кылым басылды.
Бир ыр гүлдөп ачылды:
бири кетти — биздин сүйүүгө,
бири кетти — элдин үйүнө,
бири кетти — жердин түбүнө.

## ЖАЙДЫН БАШТАЛЫШЫ

Аарыларда, куштарда да башка шаң,
жашыл чөйчөк — жай тынбастан шыбырап,
босогодон бир аз эле аттасаң
күүлөнгөн жер бут алдыңа жыгылат.

Көпөлөктөр учуп-конгон түнөккө
жалбырактан нурлар чуркап бактагы,
Сагынычтуу санаа таштап жүрөккө
колдон түшөт гүлдөп турган жаз дагы.

Аалам — шакта тирүүлүккө чаңкаган,
бейкуттукту колуң барбайт үзүүгө,
жалгыз гана бул дүйнөдөн чарчаган
караңгылык дүлөй түндү күтүүдө.

*МУХТАР ШАХАНОВ*

## МУРУН ТУУРАЛУ АЗИЛ

«Перзент болуу оңойбу толук кандуу,
Билип өс,— деп атактуу алптарды».
Мени башкыр акыны Мустай Карим
Р. Гамзатов дегенге алып барды.

Тоодой улуу, азоо ой канатында,
Жайдар күлүп көрүштү ал баласындай.
Үч жылдан соң космонавт Севастьянов
Тааныштырды кайтадан ал акынга.

Расул айтты: «Кез келген жаш талантты,
баалоо кыйын кыраанга кош канатты.
Иним сенин ырыңды окубадым,
Бирок музоо мурунуң эсте калды.

Өзгөчөлүк табигат тиреги экен,
Өзгөчөгө ойлуу жан күлөт бекен.
Өнөрдө да өзгөлөр чаташтырбас
Өз мурунуң болсо деп тилек этем».

Тыңдадым да мага айткан кеп-ойлорун,
Гамзатовдун мурунун карадым да:
«Кеп мурунда эмес го»,— деп ойлодум.

Өттү жылдар,
Кеңейди өрүшүм да.
Бар, арийне жеңилиш,
Жеңишим да,
Тилектешим көбөйдү эл ичинде,
Бирөөлөр жүр келалбай келишимге,
Өлөңүмдүн мурунун кыйшайтсам деп
Өлүмтүгүн жашырып жең ичинде.

Дааналыкка не жетсин көңүлдөгү,
Бактылуу жан мен болом төрүндөгү.
Өлөңдө да эч кимге окшобогон
Мурунумдан тааный көр элим мени!

## КАРЫЛЫК ТУУРАЛУУ АҢГЕМЕ

Же көңүлдүн жаштыгыбы,
Кеч ойгонгон арманбы,
Жүз жаштагы Жамбыл акын кечээ эле,
О керемет,
Грузияга барганда,
Бир сулууга ашык болгон дечү эле.

— Мына, нагыз азыркынын баатыры,
Катаал мезгил карыяны салалбаптыр тесине,
— Неткен укмуш сулуулук бул! — деп бир орус акыны
Жаш алыптыр көзүнө.

Карылар бар аргымагы сай жарган,
Жигерине бир силкинткен талааны.
Сулуулукка суктануудан калган жан,
Чын баарынан калары.

Жер бетинде жел өчүргөн из азбы,
Жигерсиздин өрүш жолу тар болгон.
Отузунда кемпир болгон кыз азбы,
Жигит азбы отуз беште чал болгон?

Ким жаш,
Ким карт,
Мезгил өзү иликтээр.
Эр көбөйсүн жолдош кылган кыялды.
Карылык — оттун азаюусу,
Оту азайган жигиттер
Качан болсо коом үчүн зыяндуу.

## АЛМА БАКТЫН УУРУЛАРЫ

Табияттын биз билбеген сырлары көп таң калар,
Тагдыр өңдүү таңдар да бар маани-жайы бааланар.
Күз келгенде албырып бир бышат экен алмалар,
Алма бышса ал алманы үзүп алган жөн болор.

Үзүп алган жөн го дечи чалдыктырбай ызгаарга
Байкап турсаң бышкан алма шекилдүү экен кыздар да.
Жер бетинде сулуулуктан бардык адам үмүткөр
Алма бакты күндүр-түндүр аңдыйт экен жигиттер.

Биз да аңдыдык учурунда алма бакты аралай,
Анан бирин кагып түштүк көктүгүнө карабай.
Эми кызык, түк эч нерсе байкабаган жандайбыз.
Бакка кирген «ууруларда н» алма бакты коргойбуз.

Алма жүздүү карындашым бой жеткени менин да,
Мазам кетти. Бир башкача ойлор келип көңүлгө.
Кыйын, кыйын кыз агасы болуу деген бул бир сын,
Багыбызга кандай ууру туш келерин ким билсин?


## АЙКӨЛДҮК

Жолдор жатат жаза албастан бүкүр белин кайкыган.
Ошол жолдон эртели-кеч обон чыгат чалкыган.
Талаа жатат көөдөн керип, ал талаанын төшүндө
Бир топ эшек оттоп жүрөт кулактары шалпыйган.

Аларга не чөбү, суусу кенен болсо эсеп да,
А деп, бу деп баш оорутпайт эшек деген эшек да.
Жатар орду даяр болсо, анан эч ким минбесе
Жазмыштагы тиричилиги антип-минтип өтөт да.

Мен билемин, бул талаадан далай канат каккан ыр,
Бул талаанын гүлдөрүн да далай кыздар мактап жүр.
Көктөм даркан колу менен сыйга тарткан гүлдөрдү
Айла канча, айла канча ал эшектер таптап жүр.

Сенде туулуп сагынчымдын күүсүн сага арнагам,
Кыраңың бар кучагында ээн-элкин чардаган.
Гүлдөрүнө өмүр берип кайра эшекке тепсеткен
Кайран талаа, сенин айкөл мүнөзүңө таң калам.



# Адабий парад

## № 2 АДАБИЙ ПАРАД

Ыраматылык Райкан ыраазы болуп,
Маркум Мидин баштаган
№ 1 адабий парад,
Байкасак унутулуп барат.
Көзү өткөн менен Касым, Аалылар,
Көзү өткөн менен Касымаалылар,
Кудая шүгүр уучубуз куру эмес,
Түгөлбайыбыз кырчообузду айланып,
Түмөнбайыбыз анекдотун
Айтканына таң калып,
Төлөгөнүбүз сынык кылыч байланып,
Майрамкан эжебиз булуттай айланып,
Мавлянов агайыбыз күчкө кирип,
Байтемиров чаңырып ишке кирип,
Анткени,
Асаналиев ар түнү түшкө кирип,
К. Жусупов деген жазуучубуз «атка» минсе,
С. Жигитов деген сынчыбыз «итке» минип,
Шабданбайыбыз шакардай,
Бобуловубуз бозодой кайнап,
О. Султановубуз «Адам турмушу» ушу деп
Ак «волгасын» айдап,
А. Жакшылыков сүйүнүп,
К. Акматов билек түрүнүп,
Ж. Абдыкалыков ары-бери жүгүрүп.
Айтор,
Туудай желбиреп
Турган чактыбыз
Айкындык келди деп,
Анда эмесе шашпайлы,
Жылкы кыял жыл менен
№ 2 адабий парадыбызды баштайлы!

## ЖАЗУУЧУЛАР КАЙДА?

— Айтматов кайда?
— Америкада, Лондондо.
— Абдраманов кайда?
— Ал же «Арашанда» ар кимдин башына жаңгак чагып, же Арстанбап токоюндагы тойлордо.
— Асан Жакшылыков кайда?

— Чоңдордо.
— Бир жакшылык болгон го?
— Асанбеков Сарманчы?
— Агропромго кеткен,
Эми ашарчылардын Союзуна мүчө болгонго.
— Эркебаев дегениңер көрүнбөйт?
— Жаңы эле Жумгалга учуп кетти,
Ш. Эсенгуловдун повести «сокур ичеги» болуп
Ошону сойгонго.
— А Акматовуңарчы?
— ФРГга да бир жолу барууну болжоп жатат.
— Омор ордунда жок го?
— «Ысык-Көлдү» коргоп жатат.
— К. Жусупов деген бар эле?
— «Ала Тоонун» тагдырын ойлоп жатат.
— О, кокуй Бобуловчу? Бобулов?
— «Кара-Суусун» Кыргызстандан бөлүп чыгам деп
Картасын чийип жатат чогулуп.
— Байыдыкең кайда?
— Байдылда байкем базарда.
— Бапаевчи?
— Жатаарда келет, жатаарда...

## ТҮГӨЛБАЙ СЫДЫКБЕКОВГО

Көктүн бети дуу болуп,
Көлдүн бети куу болуп.
Көз кайкыган өрөөндө
Көйгөйлөгөн чуу болуп,
Көлбүгөн чаң буу болуп
Көсөм Түкөм келатыр
Көк асаба туу болуп.

Адабият дуу болуп,
Айгайлаган чуу болуп,
Кудай бетин салбасын
Ак боз аты куу болуп,
Айкөл Түкөм келатыр
Ак асаба туу болуп...

## С. ЭРАЛИЕВГЕ ЖАНА С. ЖИГИТОВГО

Даңкы бийик кыргыздын эл акыны
Дарбыз таппай космостон келатыры,
Дарбыган эл дарбыз жок деп атыры...

Дардайган дарбыздарды тизип коюп,
Дамдалган кызыл чайдан ичип коюп
Салижан Жигит уулу Ош базарда
Данегин да калтырбай жеп атыры...

## БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВГЕ

«Ашуудан бердиң отчетту»,
Жазуудан бердиң отчетту,
Жазуудан бербей калганда
«Ачуудан бердиң отчетту»,
Чыңгыз чет өлкөгө кеткенде
Кашардан бердиң отчетту,
Эми Байдыке,
Бапаевди жетелеп
Базардан бербе отчетту?

## ТӨКМӨ ЫРЧЫ ЭСТЕБЕС ТУРСУНАЛИЕВГЕ

Таалай берген, бак берген,
Таланттарга бап келген.
Так «анделек» кезиңде
Таластан таап апкелген.

Анделегиң бышкан кез,
Ала-Тоодон чыккан кез.
Аргендей тунук үнүңдү
Ааламдын калкы уккан кез.

Бирок,
Жолдогон кемтик дайым бар,
Жок кылчу бир аз «майың» бар.
Жоргоңду салып баратып
Жортоктоп кетмей жайың бар.
Мисалы,
Аркыра менен шаркыра,
Баркыра менен жаркыра,
Каркыра менен партия...
Жайнап кете бересиз,
Жайдаңдаган боюнча
Жайлап кете бересиз,
«Алтындай болгон элдериң».
Эбин таппай ырдасак,
Эстеке токтотуп коёт келгенин.
Эми жаңы наам кут болсун,
Жаңы уйкаш сизге туш болсун!

## ЭРӨӨЛ

О. Ибраимовдун чынысынын четинде
Акматбекова, Мукашева, Карагулова
Розалардын илээшип чачы жүрөт.
К. Асаналиевдин кагаз жаккан мешинде
Прозалардын тарсылдап ташы күйөт.

К. Артыкбаевдин кылычынын түшүнө
Абдыганынын «башы» кирет.
Абакиров Барктабастын түшүнө
Андагы Нарын облусу, козу-позу,
анан,
Алыкулдун ээр токумчан аты кирет.

Кыр. драмда — кыргын — сүргүн,
«Кыямат», «Ажырашуу»,
Сценада «Тагдырдын өгөй балдарын» жетелеп Бакы жүрөт....
Эпилог
Эшикте — кар, 12-Түн. Карета,
Шектенет Шекспир чал.
Эрөөл!
12-күн. Каратэ.
Машина. Мар...

## АКЫНДАР ЖАПАРКУЛ АЛЫБАЕВ МЕНЕН БИРИМКУЛ АЛЫБАЕВГЕ

Кандай кылсак бу?
Заманды кайра куруп жатышат,
Биз да кайра курсакпы?
Адабиятыбызга М. Алыбаев жетпей турганда
Ж. Алыбаев менен Б. Алыбаевди бириктирип
Бир Алыбаев кылсакпы?

## КУБАТБЕК ЖУСУБАЛИЕВГЕ

Күкүк учкан күнөсүн албай,
«Күндүн автосүрөтүн» алгын.

Топураган ырчысын албай,
«Толубайдай сынчысын» алгын.

Муштуму чоң уланын албай,
«Муздак болсо да дубалын» алгын.

Курсактуулардын папкесин албай,
Кубатектин шапкесин алгын.

Акылы кем дердегей эмес,
Ар айылга «Кердегей» керек.

«Кердегейге» белет керек,
Кубатбек деген «чалды» эрчиген
«34» жашар Кеңеш келет...

## СҮЙӨРКУЛ ТУРГУНБАЕВГЕ

Шартын иштин чүргөп коюп,
Шашпай секин сүйлөп коюп.
Шарпа салган көк чылымды
Шакек кылып үйлөп коюп.

Анда-санда сындап коюп,
Албан духта жыргап коюп.
Айлампалуу зор турмушта
Араттарча ырдап коюп,

Жакшылыкка шерик болуп,
Жамандыкка кейип коюп.
Жалаң гана жакшы жазып
Жаштар үчүн тегиз болуп.

Чоң шляпа кийип коюп,
Чоң ойлорго кийик болуп.
Чокою жок күнүн акын
Чоң жыргалдан бийик коюп.

Сыпаа болуп, сылык болуп,
Сын жазаарда кыйык болуп.
Эргип, эргип келе жатат
Элүү жашка чыгып коюп.

## САГЫН АКМАТБЕКОВАГА

«Жамгыр» жааган сайын
Жакшы чыкты ырларың,
Анан «Алыскы талаалар» жөнүндө ырдадың.
Armансыз пенде жок го чиркин,
«Айлуу дөңгө» жатып алып да ыйладың.

Акырында,
«Терезенин жарыгына» термелеп,
«Өткөн жылдын жалбырагын» жыйнадың,
Күүгүмгө карабай «субботник» кылып,
«Күз ырларын» тырмоо менен тырмадың...

Эргүүгө келбей жалдырап,
Кыздар поэзиясы курсагы ачып турду эле шалдырап.
Ырас болбодубу анан,
Кышты-кыштай жеп чыкты жалаң жалбырак.
Азыр жандарына бара калсаң ык санап,
Жакшы деген кыздарыбыздын баары эле,
Өткөн жылдын жалбырагы жыттанат...

## ОРОЗБЕК АЙТЫМБЕТОВГО

«Арашанга» жатып алып,
Апкелгенин катып алып,
Анда-санда атып алып,
Акыры адабияттан жолум болот деп,
Адабияттан болбосо
«Арашанга» эстелигимди коёт деп
Ары басат Орозбек,
Бери басат Орозбек...

## ДРАМАТУРГ БУРУЛ КАЛЧАБАЕВАГА

Драматургия дегендин өзү драмалуу,
Драматургдар бурап чыгышкан соң «бурамаңы»,
Режиссер келип «моторуңду» чечтирип,
Анан артисттердин башталат «пружиналарыңды» чубаганы...

Бу эрдик эмей эмине,
Бурулдун бу тозокко чыдаганы.

Эми,
Кагаз, калемди арбын сатып алып,
Ак өргөө тигип,
Ага — «Б. Калчабаева» деп жазып алып,
Көлгө түшкөнү келген «театровед-эттерден»
Бир экини ысылыкка атып алып,
Жаза бериш керек жатып алып...

## КЫЗГАНЫЧ

«Оорулар көп травма бөлүмүндө,
мастыктан, кокустуктан түшүп калган.
Сен баарын сакайт, ая, бирок жаным,
ичинен бир адамды сүйүп калба?

Үнүң бар чөккөн көңүл айыгуучу,
жаткандар бели сынып керебетте
Дарыга колун шилтеп бирок сага
жетем деп жасабасын үмүт — кеме».

Эгемберди Эрматов, «Өмүр издери»
Фрунзе, «Мектеп» 1984-жыл.

Оорулар «опасный» болушчу эле,
онтомуш этип бурчтан жолукчу эле.
Оо кудай, дары сурап келип алып
ойлонбой «осол» кылып коюшчу эле.

Айлам жок жатам үйдө будаланып,
апкелсем бейм ишиңден сурап алып.
Калп «ооруп» носилкада бараткандар,
кармалап жиберчү эле тура калып.

Осмону бекер койдуң каштарыңа,
о жаным, тузак тартып басканыңа,
он бирди күтүп жаткан оёндор бар,
оронуп сүлгүлөрүн баштарына.

Ошолор — балдагы жок «баспачулар»,
Ошолор — түнү балээ «баштачулар».
Ошолор — оозго тыгып «тряпкесин»,
Ош жакка алып кетчү «басмачылар».

## КОШУНАЛАР

«Үйгө кирдим, калды чукул ый чыгып,
Көчөдө суук катуу болчу, кар калың.
Кошунама жатты аялы кыйкырып
«Кайсы күнөөм үчүн мени алдадың?»

Азыр шаарда дубалдар да дубалбы,
Тыңшап калдым... алаар кудай эсебин,
Өзүмчүлдөр ойлобогон убалды,
Уяты жок эне-атама кетемин».


К. Адамалиев, «Кардиограмма» 49—50-беттер.

Ал кезде жок а деп, бу деп буйтамай,
Адегенде врач болдум чуркап ай.
Акын болдум, болдум анан жазуучу,
Азыр болсо болдум жалаң «тыңшамай».

Тыңшамайын жөн туралбайт кулагым,
...тыңшаар Мамыт болуп калган убагым.
Күрүшкөмдү тосо коюп тыңшаймын
Күйөөсү жок келиндердин дубалын.

Автобекет... Автобустар жарышып,
Аял, эркек,.. аркы, терки барышып...
Көнгөн адат жаман экен. Шак тыңшайм,
көрүнбөстөн туалетке жабышып.

Тыңшамай бир «илдет» мага жолукту,
Тыңшай берем жыртык, тешик, оюкту.
6-мкр... Тыңшап бүтүп жаңы эле,
Эми болсо тыңшап жүрөм Союзду...



# Азил, тамашалар

Байдылда Сарногоевге

## ДАЙРА БАР

Кыргыздан кыйла чыкты акын,
Кыйласы ырас шыктуу акын.
Баарысын санап не кылам
Байдылда бирок мыкты акын.

Кыйратып жазбай кылчалык,
Кыйлабыз жүрсөк кыйкайып,
Кылымда акын аз экен
Кыргызга сиңген мынчалык.

Ар кимге таштап куйрукту,
Алсак да ар кыл сыйлыкты.
Эч ким жок экен Бакеңдей
Элинен тапкан сыймыкты.

Баркташып баасын талашкан,
Бардык эл бай го талантка.
А бирок Байрон келсе да
Байдылда болуш каякта.

Байдылда десең түн күлөт,
Башбаккан ар бир үй билет.
Райкан, Мидин келгенсип
Ала-Тоо ичи дүңгүрөп.

Талаа да угат, кыр угат,
Таркатып черин сыр угат.
Балдарды ээрчип шампаңдап
Балтекке чейин ыр угат.

Байдылда болуп агат таң,
Байдылда келсе жарашкан.
Уйлар да токтой калышат
Сайгактап кетип бараткан.

Он кылым уксаң тажатпай,
Ойлору гүлдөйт даректай.
Окустан сатса китебин
Өчүрөд түзмөк арактай.

Колгукка түртмөй мээ жеңип,
Кош мылтык болуп мээленип.

Кор туткан колдо алтынды
Кокуйгун элбиз кэздe биз.

Бактыңды турган кармап ал,
Баркына жетип баалап ал.
Башка элде эмес дал бизде
Байдылда деген дайра бар.

## ТОЙ АЗИЛ

(«Ленинчил жаш» газетасынын
өтүнүчү менен анын 60 жылдык
тоюна карата жазылган)

*Темиркул Үмөталиевге*

Жоокердик кийим кийип,
Жолдоштой тилиң билип,
Катарга тура калат
Каламын ийинге илип.

Пегасын минип алып,
Барпаңдап күлүп алып,
Жаталбай чаап келет
Жазганын «түйүп» алып.

Керекпи? Көмөктөшөт,
Гезитти жөлөк сезет.
Чекеге колун такап
«Чест» берип жөнөп кетет.

Темике,
Тоо болуп тоюбузга
Кош келиңиз?
Тогу жок макалага
Ток бериңиз,
Оту жок кабарчыга
От бериңиз?

## ТИЛЧИ ЖЭЭНБАЙ МУКАМБАЕВГЕ

Жеткилең тилчи зээни кең,
Жез таңдай чечен дээринен.
Жети сөз үчүн жер кезип
Жети жыл түшпөй ээринен.

Жерине кайтып келген соң
«Жерге-Тал» болуп эриген...

Сөздөрүн тандап алган жан,
Сөзмөр го дешип таңданган.
Сөөлөтүн сөздүн иликтеп
Сөгүлгөн далай таң калган.
Сөйкөдөй болгон сөз үчүн
Сөздүккө чейин айланган.

Тосолук Жээнбай агайды,
Токтоосуз ат ал жарайбы?
Торколуу тойду куттуктап
Толтуруп келет кабарды.

## «ЛЕНИНЧИЛ ЖАШТЫН» ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ БОЮНЧА КАБАРЧЫЛАР ПОСТУНУН ЖЕТЕКЧИСИ МЫРЗАТ УРДАВЛЕТОВГО

Айылдан, шаардан аралап,
Ак-Суудан, Түптөн дамамат,
Жөнөткөн каттын артынан
Жөнөтүп турчу жана кат.

Жайкысын көлдү, балдарды,
Жакшылап жазчу чалдарды.
Анан,
Почточу барбай бир ирет
Гонарар албай калганбы?

Табынан тайып маселе
Тартылып кат да таза эле.
Таласты тиктеп сумсайып
Таарына түштү бат эле.

Капыстан бизге жеткен кеп,
Кабарчылыктан кечкен дейт.
Калемди көлгө ыргытып
Кайыкчы болуп кеткен дейт.

Чабан бар, жазсаң элет бар,
Чарба бар, барсаң белет бар.
— Каракол? Ало? Мырзатбы?
— Мырзат жок! Мырза терек бар!..

## СҮРӨТЧҮ ЖАМБУЛ ЖУМАБАЕВГЕ

Черделеңдеп келатканда эле тигинден
Чебер сүрөтчү экендигиң билинген.
«Чердакта» кала бербей эмгегиң
Чет өлкөлөп кетип илинген.

Кыйла жыл кыйналсаң да жумуштан,
Кыргызга кылганың жүрөк жылыткан.
Кыл калемиңди бүлөп келатасың
Кылы түгөнсө кырка коюп муруттан.

Тажап бүттүк түтүн менен айдоодон,
Тажап бүтүк кур убада алдоодон.
Тайга минип чаап бараткан баланы
Тартсаң боло татынакай жайлоодон.

Аңтарбайбыз кара сумкаңды асынган,
Айтчы шаарда көргөзмөң барбы ачылган?
Жаштар Сизди таанабайбыз деп жатышат
Жамбул аке? Жашынбаң?..

## КАЛЫЙ МОЛДОБАСАНОВГО

Кантатаны көп жазды,
Канча акындар сөз жазды.
Балдар ырын көп жазды
Б. Абакиров сөз жазды.
Эргип чыккан ойлорун
Эчен ирет чөп басты.
Какем анан толгонуп,
Кайра баштан ойлонуп,
«Саманчынын жолуна»
Саякаттап көп басты.
Анан талып аягы,
«Маңкурттардын баянын»
Коруп жүргөн кезеги
Колуна алып таягын.
Бирок,
Чынын кантип танабыз,
Ч. Айтматов болбосо
Чыгармачыл бийикке
Чыгат беле агабыз.

## АСАНХАН ЖУМАХМАТОВГО

Сыйкырдуу таяк сиздеги
Сырларды козгоп ичтеги,
Күкүктөп жаткан дайраны
Күү кылып бурду бизге эми.

Ондогон күүлөр ондогон,
Оркестр менен ойногон
Опол тоо болуп калды го
Ордолуу журтка орногон.

Атагың, даңкың коротпой,
Айтабыз дайым жомоктой.
Жыланбаш бойдон чыгасыз
Жыл сайын кышты тоготпой.

Ал чындык, жалган дешалбас,
Аязды сиздей сезалбас.
Оолуккан далай жигиттин
Оту да сизге жеталбас.

Демилге болсун, иш болсун,
Ден соолук болсун, күч болсун.
Музыкалык коом чыкты
Эми,
Музыкабыз «түз» болсун!..

## КИНОРЕЖИССЕР ТӨЛӨМҮШ ОКЕЕВГЕ

Чукугандай сөз тапкан,
Чуңкур жерде көз тапкан.
Талантсыз го жалган жок,
Талант кайда жанган жок.
Танабы кең дүйнөдө
Таанылбаган калган жок.
Кожожаштай кокуйгүн,
Бактыгулдай балбан жок.
Даңк жамгыры бекерден
Дамаскыга жааган жок.
Бул жагынан арман жок.
Бирок,
«Күлүк күчүндө,
Тулпар деген тушунда».
Төкө маани ушунда:

Мүнүшкөрдүн атагы,
Мүнүшкөрдө эмес кушунда.
Жалын жалаң отто эмес,
«Жалгыз таруу ботко эмес...»

## АКЫН ТАШМАТ АРЫКОВГО

Баш оорутма «пияны» жок.
Акын Ташмат ырын жазат
Малга, жанга зыяны жок.

## БОЛОТ МИҢЖЫЛКИЕВГЕ

«Дүйнөнү дүңгүрөткөн мындай бас,
Аз...
(эл арасындагы сөздөн)

Мефистофель,
Князь Игорь,
Борис Годунов...
Далай залкар ролдорду тирилткенсиз,
Кыргыз сахнасын сүйүнткөнсүз.
Азиядан барып
Американы талантыңызга жүгүнткөнсүз.
Алыска чуркаган
Ала-Тоолук күлүктөнсүз.
Эми сизге бир суроо,
Арысаңыз озуучу барбы?
Атыңызды алып,
Алдыңыздан тосуучу барбы?
Ак калпак кийгендерден окуучу барбы?

## СССРдин ЭЛ АРТИСТИ АРТЫК МЫРЗАБАЕВГЕ

Сиз Риголетто болгондо энди
Токтото албай турган дешет го
Толкуган элди.
Эмне болот эле кокус
Тирүү болгондо Верди?

Ооба,
Таланты таш жарган ырчысыз,
Таңшып сахнада турчусуз.
Танкист жоокердей
Талыкпай кызмат кылчусуз.
Азыр деле жүрөсүз ырдайм деп чыга калып,
Абдраевдин
«Партбилетин» көтөрүп тура калып...

## СССРдин ЭЛ АРТИСТИ ТОКТОНАЛЫ СЕЙТАЛИЕВГЕ

Ырдаганда Токобуз,
«Россиянын булбулдары» жаңылат.
Суйкайып кыздар жадырап,
Суктанып колдор чабылат.
Ах чиркин, сиздин үнүңүз,
Аябай көпкө чыдады
Атайдан алган гүлүңүз.
Бирок,
Жашырганда эмине
Жалгыз «Гүл» менен жүрүбүз.
Чыгармачыл Союзда
Чыккычакты ташка гүл.
Токо,
Тоого жүрүңүз,
Табылып калар башка гүл?

## СССРдин ЭЛ АРТИСТИ ХУСЕЙН МУХТАРОВ МЕНЕН КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРТИСТИ ЭСЕН МОЛДОКУЛОВАГА

Эжем сизди бөпөлөп,
Сиз эжемди бөпөлөп.
Эч адамга билдирбей
Эл кыдырып төтөлөп.
Дуэт кылып кеттиңер
Дуулдайбыз деп экөөлөп.
Ырас,
Ырдап келе жатасыздар,
(Ырдан түшкөн пул бар да)
Кымыз ичип бульварда

Жыргап келе жатасыздар.
Аянбай ичкен ал кымыз,
Айылдан чыккан бал кымыз.
Бал кымызды кыйбайсыздар,
Бал кымыз берген элетке
Барып качан ырдайсыздар?

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРТИСТИ МАРЛЕН ТЕМИРБЕКОВГО

Татынакай Татьянаны карабай
Тамызып жашын баладай,
Оюңузга келгенди кылып
Онегин да болдуң ээ, ай агай!

Кайран гана Таня
Кандай гана жан асыл?..
Темирбеков — Онегин,
Темирбеков Мар... азыр.

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭЛ АРТИСТИ ЭРКИН КАСЫМОВГО

Операдагылар ырды,
Он жылда бир жаңыртат деген чынбы?
«Фигаро там,
Фигаро тут...» деп жүрүп
Байкуш Фигарону жылгыз кылып алдыңыз,
Жылда-жылда ырдай берип
Жылдыз кылып алдыңыз.
Кымызга көндүрүп акыры
Кыргыз кылып алдыңыз.
Бирок,
Кыргызча ырларды неге чандыңыз?

## БАЛЕТМЕЙСТЕР УРАН САРБАГЫШЕВГЕ

— Опера менен балеттин
Илгеркидей атагы жок,
Иштей турган деле азабы жок.
— Уран Отунчиевич бар бекен?
— Урнанын жанында турат
Тамеки чегип чатагы жок.

## ОПЕРА ЖАНА БАЛЕТ ТЕАТРЫНЫН БАШКЫ ДИРИЖЕРУ Г. ШЕСЮКГА

Кыргызга келдиңиз ини болуңуз,
Кыйналган кезде дили болуңуз.
Кыл таяк күчүн элибиз баалайт
Кымбаттуу биздин дирижерубуз.

## «ТАРС ЭТКЕНДИН БААРЫ ТАМАША»

Медалдын эки бети бар...»
Ырчылыктын,
Бир жак бети — Акималиев Алик,
Бир жак бети — Аликеев Малик.

Сынчылыктын,
Бир жак бети — Ибраимов Осмон,
Бир жак бети — Ибраимов Калык.

Музыканттыктын,
Бир жак бети — Молдобасанов Калый,
Бир жак бети — Керимбаев Асанкалый.

Акындыктын эки бети бар деп угабыз:
Бир жак бети — Рыскулов Акбар,
Бир жак бети — Рыскулов Рамис.

Артистиктин эки бети бар:
Орозкулу зөөкүр,
Орозбегинин эси бар.

Депутаттыктын эки бетин сураба?
Бир жак бети — убада,
Бир жак бети — убара.

Медицинанын да эки бети тултуюп турат:
Бир жак бети врач,
Бир жак бети — Чумак.

Ынтымактын эки бети бар жаңкы:
Бир жагы — ырыс жалпы,
Бир жагы — Рыспаев Барпы.

## МАЗМУНУ

КАЙДЫГЕРЛИК . . . . . . . . . . 3
ТИЛДЕН ДИЛГЕ . . . . . . . . . . . 45
АДАБИЙ ПАРАД . . . . . . . . . . 58
АЗИЛ, ТАМАШАЛАР . . . . . . . . 67

**Литературно-художественное издание**

ДҮЙШЕЕВ ШАЙЛООБЕК

*РАВНОДУШИЕ*

**Стихи**

Для юношества

Художник Т и л е к о в Э.

Бишкек, издательство «Адабият»

На кыргызском языке

**Көркөм-адабий китеп**

ДҮЙШЕЕВ ШАЙЛООБЕК

*КАЙДЫГЕРЛИК*

**Ырлар**

Жаштар үчүн

Редактору М е д е р а л и е в Ж.
Сүрөтчүсү Т и л е к о в Э.
Сүрөт редактору И с а к о в Р.
Техн. редактору Б у р г а н а к о в а К.
Корректору К о ж о м б е р д и е в а А.

ИБ № 587

Терүүгө 05. 02. 91. берилди. Басууга 30. 07. 91. кол коюлду. Басмаканалык № 1 кагаз. Мектеп ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Кагаздын форматы 84+108$^{1}/_{32}$. 2,5 физ. басма табак. 4,20 шарттуу басма табак. 4,06 учттук басма табак. 4,41 шарттуу боёк түшүрүү.
Нускасы 4000. Заказ № 39. Баасы 1 с. 20 т.

«Адабият» басмасы, 720361. ГСП. Бишкек ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз Республикасынын басма сөз жана маалымат министрлиги.
Кыргыз Республикасынын 50 жылдыгы атындагы
Кыргызполиграфкомбинаты. 720461, ГСП, Бишкек, 5,

1 с. 20 т.

